**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ**
**ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ**
**КЫЗЫЛ-СУУ АЙЫЛДЫК**
**КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН**
**КЫЗЫЛ-СУЙСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ**
**КЕНЕШ**

---

“29” 07 **2022-ж №** 98а

**Эл депутаттарынын Кызыл-Суу айылдык Кенешинин XXVIII**
**чакырылышынын 13-сессиясынын**

# ТОКТОМУ

**Кызыл-Суу айылындагы Комсомол көчөсүнүн**
**атын өзгөртүү жөнүндө.**

2022-жылдын 10-февраль айындагы Кызыл-Суу айылындагы Комсомол көчөсүнүн жашоочуларынын кайрылууларын карап чыгып, талкуулап айылдык кенешинин 13-сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1.2022-жылдын 10-февраль айындагы Кызыл-Суу айылындагы Комсомол көчөсүнүн жашоочуларынын кайрылуулары эске алынсын.

2.Кыргыз Республикасынын географиялык аталыштар жөнүндөгү мыйзамынын 7-беренесинин негизинде Кызыл-Суу айылындагы Комсомол көчөсүнүн аты Кызыл-Суу айылынын “Ардактуу атуулу”, районубуздун кадырлуу ак сакалы болгон Чыныбаев Садырбек Абдрасуловичдин ысымы берилсин, Комсомол көчөсү Садырбек Чыныбаев атындагы көчө болуп өзгөртүлсүн.

3.Токтомду массалык маалымат каражаттарына жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигнин Ысык-Көл областтык башкармалыгына реестрге каттого киргизүү жагы айылдык кенештин катчысы А.Ташбаевага жүктөлсүн.

4.Токтомдун аткарылышын көзөмөл кылуу жагы айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары Ж.Кыдевге таршырылсын.

Айылдык Кенешинин төрайымдын
орун басары Ж.Асаналиев